| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br><br>ТҮП РАЙОНУ<br>ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТЮПСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП |
|---|---|---|

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын**
**VII –сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 3-апрели **№ 48** Түп айылы

**Түп айыл аймагынын малдарды жайлоого көчүрүүнүн, багуунун, бадада багуунун, жазгы-күзгү жердин айдоо-себүүнүн акыларын жана малдын эгинге, көп жылдык чөптөргө зыян келтирүүсүнүн айып пулдарын бекитүү жөнүндө**

Түп айыл аймагынын малдарды жайлоого багуунун, бадада багуу, жазгы-күзгү айдоо-себүүнүн акыларын бекитүү жөнүндө маселени карап, чыгып, айылдык жыйындардын жыйынтыктары менен алдын ала талкуулоолорду жана макулдашууларды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябры "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" № 123 Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктунун негизинде Түп айылдык Кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XXVII - сессиясы **токтом кылат:**

1. Түп айыл аймагы боюнча жайлоого көчкөн малды багуу акысы:
   - 1 бир баш койго - 160 сом;
   - уйга, торпокко - 700 сом;
   - Жылкыга - 700 сом;
   - Түп айыл аймагыдагы бардык бадалар үчүн баданын акысы уй башына (букасы менен) - 400 сом.
2. Түп токой чарбасынын пайдалануга алынган жайыт акы:
   - 1 бодого, жылкыга - 54 сом, 1 га жер бөлүнөт;
   - 1 койго – 12,5 сом, 4 башка 1 га жер бөлүнөт.
3. Түп айыл өкмөтүнүн жакынкы жайыттарына алынган жайыт акы:
   - 1 бодого, жылкыга - 100 сом, 1 га жер бөлүнөт;
   - 1 койго – 25 сом, 4 башка 1 га жер бөлүнөт.

**4.** Түп айыл аймагы боюнча малдарды жайлоого көчүрүү убактысы 5-майга чейин деп милдеттендирилет.

**5.** Белгиленген мөөнөттө көчпөгөн малчыларга катуу чаралар көрүлсүн жана 10 000 (он миң) сом өлчөмүндө айып салынсын.

**6.** Айылда саан уйлар жана 1 баш мингич же арабакеч жылкы алып

калууга уруксат берилсин.

**7.** Базда-кашарларда мал алып калып, багууга уруксаат берилбесин.

**8.** Түп айыл аймагынын малдарын мамлекет тарабынан коюлган талапка ылайык биркалап берүү жана даарылап профилактика жүргүзүү жагы ветеринардык тейлөө кызматына тапшырылсын.

**9.** Ветеринарлардын вакцинация боюнча аткарган иштери боюнча:

- 1 баш бодо малга -350 сомдон;
- майда жандыкка 2 укол 40 сом кызмат акы бекитилсин жана малдардын вакцинациясын мал дарыгерлик кызматкерлери 1-майга чейин толук бүтүрүшсүн.

**10.** Алыскы жайлоого көчүп жаткан малчыларга милдеттүү түрдө айыл өкмөтү менен келишим түзүү жагы милдеттендирилсин.

**11.** Айдалган эгин аянттарына, көп жылдык чөптөргө, беделерге зыян келтирген учурда мал ээлерине мыйзам чегинде административдик чаралар колдонулсун.

**12.** Элдин үлүш жериндеги эгинге, көп жылдык чөптөргө зыян келтирилген учурда, айыл өкмөтүнүн жер жана мал боюнча адиси менен биргеликте түзүлгөн комиссия курамы акт түзүп уй, жылкы жана кой баласына, антимонополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен макулдашуунун негизинде, зыян келтирген учурларда аксакалдар соту тарабынан төмөндөгүдөй айып пулдар салынсын:

Биринчи жолу зыян келтирген учурда:

- Кой, эчки – 250 сом;
- Бодо - 600 сом;
- Каз өрдөк, индюк – 100 сом.

Экинчи жолу зыян келтирген учурда:

- Кой, эчки - 600 сом;
- Бодо - 1500 сом;
- Каз, өрдөк, индюк -200 сом.

Үчүнчү жолу зыян келтирген учурда:

- Кой, эчки – 1000 сом;
- Бодо - 2500 сом;
- Каз, өрдөк, индюк – 500 сом.

**13.** Күз мезгилинде жайлоодон аба-ырайына жараша 15-сентябрга чейин көчүп келүүгө уруксат берилбесин.

**14.** Уруксаатсыз көчүп келген малчыларга мыйзам чегинде административдик чара көрүлсүн жана 50 000 (элүү миң) сом акчалай айып пул салынсын.

**15.** Түп токой чарбасына, малчылар менен келишимдерди түзүү жагы айыл өкмөттүн мал чарба адиси менен макулдашуудан кийин гана түзүү жагы тапшырылсын жана ушул токтомго таянуу менен көчүп келүү мөөнөттөрүн коюп берүү жагы тапшырылсын.

**16.** Түп айылдык Кеңешинин сессиясынын токтому менен мал багып, жайлоого чыгуучуларды кол койдуруп, тааныштыруу ишин алып баруу мал чарба адисине тапшырылсын.

**17.** Жайыттарды башка максаттарда келишим менен ижарага берилген

жерлерден (чөп чабышка – 700 сом) баа акысы алынсын.

**18.**Түп айыл аймагынын айыл өкмөтү боюнча жазгы - күзгү талаачылык жумуштарына техникалардын кызмат акысы төмөндөгүдөй бекитилсин:

- Жер айдоого 1 га жерге - 1000 сом + 25 литр солярка;
- Тырмоок маласы менен 1 га жерге - 800 сом + 10 литр солярка;
- Тырмоок маласы жок болсо 1 га жерге - 350 сом + 6 литр солярка;
- Тырмоок бедеге 1 га жерге - 300сом + 7 литр солярка;
- Себүү 1 га жерге - 450 сом + 8 литр солярка;
- Каткилөө 1 га жерге - 300 сом + 6 литр солярка;
- Чөп чабуу Германка 1 га жерге - 1000 сом + 10 литр солярка;
- Жөнөкөй чөп чапкыч 1 га жерге – 500 сом + 8 литр солярка;
- Комбайн 1 га жерге - 1000 сом + 20 литр солярка;
- Жүк ташуучу авто унаага 1 рейсине 600 - 1000 сомго чейин + күйүчү майы аралыгына жараша;
- Чөп престөө 1 түккө жиби менен 14 сом + 1 га жерге 10 литр солярка;
- Беденин үрөнүн чабуу 1 га жерге - 2500 сом + 25 литр солярка.

**19.**Кызмат көрсөтүүнүн акысынын бааларын транспорт ээлерине кол койдуруп тааныштыруу Түп айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адисине милдеттендирилсин.

**20.**Бул токтомдун аткарылышы Түп айыл өкмөтүнүн башчысына, көзөмөлгө алуу жагы Түп айылдык кеңешинин айыл чарбасы, жерди пайдалануу, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**21.** Түп айылдык кеңешинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги “Түп айыл аймагынын малдарды жайлоого көчүрүүнүн, багуунун, бадада багуунун, жазгы-күзгү жердин айдоо-себүүнүн акыларын жана малдын эгинге, көп жылдык чөптөргө зыян келтирүүсүнүн айып пулдарын бекитүү жөнүндө” №226-токтому күчүн жоготту деп эсептелсин.

**22.**Токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Абдымамбетов А.Б.**